Кыргыз Республикасынын
Адвокатурасынын Адвокаттар
кеңешинин
2026-жылдын 4-февралы № 22
токтому менен
БЕКИТИЛГЕН

Юридикалык өкүлдөрдүн реестирин калыптандыруу, жүргүзүү, жаңыртуу жана жайгаштыруу ТАРТИБИ

1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Тартип «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, адвокаттык иш жана Кыргыз Республикасындагы юридикалык өкүлдөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (мындан ары - Мыйзам) ылайык иштелип чыкты жана Юридикалык өкүлдөрдүн реетирин (мындан ары - Реестр) калыптандыруу, жүргүзүү, жаңыртуу жана жайгаштыруу, ага маалыматтарды киргизүү, аларды өзгөртүү, оңдоо жана архивдик сактоо тартибин аныктайт.

2. Реестр Мыйзамга ылайык иш жүргүзүүгө уруксат берилген юридикалык өкүлдөр тууралуу актуалдуу маалыматтарды камтыган расмий мамлекеттик маанидеги маалыматтык ресурс болуп саналат.

3. Реестр төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:

1) юридикалык өкүлдөрдү эсепке алуу;

2) юридикалык өкүлдүн статусунун бар экенин жана анын актуалдуу абалын ырастоо;

3) юридикалык өкүлдөр тууралуу маалыматтардын ачык-айкындыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

4) юридикалык өкүлчүлүк чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын сакталышына контролдук жүргүзүү.

4. Реестрди калыптандыруу жана жүргүзүү мыйзамдуулук, аныктык, актуалдуулук, үзгүлтүксүз жүргүзүү, жалпыга жеткиликтүү маалыматтардын ачыктыгы, ошондой эле жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтарды жана жеке маалыматтарды коргоо принциптеринде ишке ашырылат.

5. Реестрди Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы (мындан ары - Адвокатура) электрондук формада жүргүзөт жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин (мындан ары - Юстиция министрлиги) расмий сайтына жайгаштырууга тийиш. Реестр ошондой эле Адвокатуранын расмий сайтына да жайгаштырылышы мүмкүн.

6. Адвокатура Реестрдин оператору болуп саналат жана аны калыптандырууну, жүргүзүүнү, жаңыртууну, сактоону, аныктыгын жана Юстиция министрлигине актуалдуу маалыматтарды берүүнү камсыз кылат.

7. Юстиция министрлиги Реестрди өзүнүн расмий сайтына жайгаштырууну камсыз кылат, аны жүргүзүү тартибинин сакталышына

Scanned with CamScanner

контролдук жүргүзөт жана Мыйзамда жана ушул Тартипте каралган башка ыйгарым укуктарга ээ болот.

2-глава. Реестрдин маалыматтарынын курамы

8. Реестрге юридикалык өкүл жөнүндө төмөнкү маалыматтар киргизилет:
1) каттоо номери жана Реестрде катталган күнү;
2) фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо);
3) жеке идентификациялык номери жана өздүгүн ырастаган документтин маалыматтары;
4) жогорку юридикалык билими жөнүндө маалыматтар, анын ичинде билим берүү уюмунун аталышы, даражасы жана бүтүргөн жылы;
5) юридикалык адистиги боюнча эмгек стажы жөнүндө маалыматтар;
6) Адвокаттардын окуу борборунда кошумча кесиптик даярдыктон өткөндүгү жөнүндө сертификаттын номери жана берилген күнү;
7) квалификацияны жогорулатуудан өткөндүгү тууралуу маалыматтар;
8) жашаган же жүргөн жеринин дареги, телефон номери жана электрондук почтасынын дареги;
9) Реестрге киргизүү жөнүндө чечимдин кабыл алынган күнү жана реквизиттери;
10) юридикалык өкүлдүн учурдагы статусу: «колдонууда», «токтотулуп турат» же «токтотулду»;
11) статустун токтотулуп турушу тууралуу маалыматтар, анын ичинде негизи, башталган күнү жана мөөнөтү;
12) статустун токтотулгандыгы тууралуу маалыматтар, анын ичинде негизи жана токтотулган күнү;
13) Мыйзамдын 16^4-статьясында каралган өзгөчө учур катары юридикалык өкүлчүлүктү жүзөгө ашырууга уруксат берилген адамдар үчүн – административдик-аймактык бирдик, уруксат берүү мөөнөтү, колдонулган өзгөчөлүктөр, уруксат берилген иштердин категориялары жана уруксат берүү негизи жөнүндө маалыматтар;
14) Реестрдеги жазуунун акыркы жолу жаңыртылган күнү.

9. Реестрдин жалпыга жеткиликтүү бөлүгүнө төмөнкүлөр жайгаштырылат:
1) каттоо номери жана Реестрде катталган күнү;
2) фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо);
3) юридикалык өкүлдүн учурдагы статусу;
4) статустун токтотулуп турган күнү, мөөнөтү жана укуктук негизи;
5) статустун токтотулган күнү жана укуктук негизи;
6) ушул Тартиптин 8-пунктунун 13-кичипунктунда каралган маалыматтар – өзгөчө тартипте уруксат берилген адамдарга карата;
7) жазуунун акыркы жолу жаңыртылган күнү.

10. Юридикалык өкүл жалпыга жеткиликтүү кылууга жазуу жүзүндө макулдук берген маалыматтарды кошпогондо, ушул Тартиптин 8-пунктунун 3–

Scanned with CamScanner

8-кичипункттарында каралган маалыматтар жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтарга кирет жана жарыялоого жатпайт.

11. Реестрдин маалыматтарын иштетүү, сактоо, берүү жана коргоо Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар, маалыматты коргоо жана архив иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарын сактоо менен ишке ашырылат.

3-глава. Реестрге киргизүү үчүн документтерди берүү жана кароо

12. Реестрге киргизүү үчүн талапкер Адвокатурага кагаз формасында же электрондук формада арыз берет.

13. Арызга Мыйзамдын 23²-статьясынын 4-бөлүгүндө каралган төмөнкү документтер тиркелет:

1) жогорку юридикалык билими (бакалавр же магистр даражасы) бар экенин ырастоочу документ;

2) соттуулугу жоюлбаган же алынбаган соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалымкат;

3) юридикалык адистиги боюнча кем дегенде бир жылдык эмгек стажынын бар экенин тастыктоочу документтер;

4) Адвокаттардын окуу борборунда кошумча кесиптик даярдыктон өткөндүгү жөнүндө сертификат;

5) юридикалык өкүлдөрдүн кесиптик жүрүм-турумунун бекитилген стандарттарын сактоо милдеттемеси бар арыз.

14. Документтер мамлекеттик маалыматтык системаны, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган документтерди берүүнүн башка электрондук каналдарын колдонуу менен санариптик форматта берилиши мүмкүн.

15. Арыз кагаз формасында берилгенде талапкер өздүгүн ырастаган документти көрсөтөт. Арыз электрондук формада берилгенде талапкерди идентификациялоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган электрондук идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен ишке ашырылат. Тиешелүү маалыматтар ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү аркылуу алынган учурда, өздүгүн ырастаган документтин өзүнчө көчүрмөсүн берүү талап кылынбайт.

16. Мыйзамдын 16⁴-статьясында каралган өзгөчө тартипте Реестрге кирүүгө талапкер болгон жактар Кыргыз Республикасынын айрым административдик-аймактык бирдиктеринде юридикалык өкүлчүлүктү жүзөгө ашырууга уруксат берүү тартибинде белгиленген документтерди, ошондой эле колдонуудан бошотулбаган Мыйзамдын 16⁴-статьясынын талаптарынын сакталышын тастыктоочу документтерди беришет.

17. Арыз жана тиркелген документтер Адвокатура тарабынан келип түшкөн күнү катталат. Талапкерге датасы жана каттоо номери көрсөтүлгөн арыздын катталгандыгы тууралуу электрондук ырастоо берилет же жөнөтүлөт.

18. Адвокатура мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана башка уюмдардан берилген документтерде

Scanned with CamScanner

камтылган маалыматтардын аныктыгын тастыктоочу маалыматтарды суратып алууга жана алууга укуктуу.

19. Документтердин топтому толук эмес же белгиленген талаптарга жооп бербеген документтер берилген учурда, Адвокатура алар катталган күндөн тартып үч жумуш күнүнөн кечиктирбестен талапкерге аныкталган кемчиликтерди көрсөтүү менен билдирүү жөнөтөт жана аларды жоюу үчүн он жумуш күнүн берет.

20. Кемчиликтерди жоюу мезгилине арызды кароо мөөнөтүнүн жүрүшү токтотулуп турат. Белгиленген мөөнөттө кемчиликтер жоюлбаган учурда арыз жана документтер талапкерге каралбастан кайтарылып берилет.

21. Адвокатура арызды жана документтердин толук топтомун алар катталган күндөн тартып же аныкталган кемчиликтер жоюлган күндөн тартып он жумуш күнүнүн ичинде карайт жана талапкерди Реестрге киргизүү же киргизүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

22. Реестрге киргизүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим төмөнкү учурларда кабыл алынат:

1) талапкердин Мыйзамдын талаптарына жооп бербеши;

2) юридикалык өкүл статусун алуу мүмкүнчүлүгүн четтетүүчү жагдайлардын болушу;

3) анык эмес же жасалма документтердин же маалыматтардын берилиши;

4) ушул Тартиптин 19-пункттунда белгиленген мөөнөттө аныкталган кемчиликтердин жоюлбашы.

23. Баш тартуу тууралуу чечим жүйөлүү болушу, баш тартуунун конкреттүү негиздерин жана аны даттануу тартибин камтышы тийиш. Чечимдин көчүрмөсү талапкерге ал кабыл алынган күндөн тартып үч жумуш күнүнөн кечиктирилбестен жөнөтүлөт. Чечимге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга болот.

4-глава. Реестрге киргизүү

24. Жакты Реестрге киргизүү Адвокатуранын Реестрге киргизүү жөнүндө чечиминин негизинде ишке ашырылат.

25. Жак Реестрге киргизилгенде ага уникалдуу каттоо номери ыйгарылып, каттоо күнү көрсөтүлөт. Каттоо номери юридикалык өкүлдө сакталып калат жана башка жактарга кайрадан ыйгарылбайт.

26. Юридикалык өкүлдү каттоо күнү болуп Реестрдин электрондук системасына тиешелүү жазуу киргизилген күн эсептелет.

27. Реестрге алгачкы жолу киргизилгенде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында түздөн-түз каралган учурларды кошпогондо, юридикалык өкүлгө «колдонууда» статусу ыйгарылат.

28. Реестрге жазуу жакты Реестрге киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып бир жумуш күнүнөн кечиктирилбестен киргизилет.

29. Жак Реестрге киргизилген күндөн тартып үч жумуш күнүнөн кечиктирбестен Адвокатура юридикалык өкүлгө анын каттоо номерин жана

Scanned with CamScanner

каттоо күнүн камтыган билдирүүнү, ошондой эле Реестрден электрондук көчүрмөнү жөнөтөт.

30. Жактын Реестрге киргизилгендиги тууралуу маалыматтар Адвокатура тарабынан ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү аркылуу, ал эми техникалык мүмкүнчүлүк болбогон учурда – корголгон байланыш каналдары аркылуу жазуу киргизилген күндөн тартып үч жумуш күнүнөн кечиктирилбестен Юстиция министрлигине жөнөтүлөт.

5-глава. Реестрдин маалыматтарын жаңыртуу жана оңдоо

31. Реестр анда камтылган маалыматтарды өзгөртүү үчүн негиздер келип чыгышына жараша дайыма жаңыртылып турат.

32. Реестрге өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

1) юридикалык өкүлдүн жеке же байланыш маалыматтарынын өзгөрүшү;

2) квалификацияны жогорулатуудан өтүшү;

3) юридикалык өкүлдүн статусун токтотуп туруу, калыбына келтирүү же токтотуу жөнүндө чечимдин кабыл алынышы;

4) мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысы;

5) Мыйзамдын 23²-статьясына ылайык кабыл алынган Юстиция министрлигинин чечими;

6) мурда киргизилген маалыматтардын техникалык катасы же анык эместиги аныкталышы;

7) Реестрдин маалыматтарын өзгөртүүгө алып келүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка жагдайлар.

33. Юридикалык өкүл Реестрге киргизилген маалыматтардын өзгөргөндүгү жөнүндө Адвокатурага билдирүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка мөөнөт белгиленбесе, тиешелүү өзгөргөн күндөн тартып бир айдын ичинде тастыктоочу документтерди берүүгө милдеттүү.

34. Реестрге өзгөртүүлөр Адвокатура тарабынан тастыктоочу документтер келип түшкөн күндөн тартып же тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып беш жумуш күнүнүн ичинде киргизилет.

35. Техникалык ката Адвокатура тарабынан өз демилгеси боюнча же юридикалык өкүлдүн, Юстиция министрлигинин же башка кызыкдар жактын арызы боюнча ал аныкталган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде оңдолот. Катанын оңдолгондугу жөнүндө юридикалык өкүлгө жана Юстиция министрлигине кабарланат.

36. Реестрди жүргүзүү тартиби бузулган учурлар аныкталганда Юстиция министрлиги Реестрге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Юстиция министрлигинин чечими Адвокатура тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш жана ал алынган күндөн тартып үч жумуш күнүнөн кечиктирилбестен аткарылат.

37. Техникалык мүмкүнчүлүк болгон учурда Юстиция министрлиги Адвокатурага бир убакта кабарлоо менен өзгөртүүлөрдү түздөн-түз Реестрге

Scanned with CamScanner

киргизүүгө укуктуу. Адвокатура киргизилген өзгөртүүлөрдүн Реестрдин бардык маалыматтык көрсөтүүлөрүндө чагылдырылышын билдирүүнү алган күндөн кийинки жумуш күнүнөн кечиктирбестен камсыз кылат.

38. Маалыматтарды ар бир киргизүү, өзгөртүү же оңдоо Реестрдин электрондук системасында күнү, убактысы, негизи жана тиешелүү аракетти жасаган жак көрсөтүлүү менен катталат. Өзгөртүүлөрдүн таржымалы сакталат жана өчүрүүгө жатпайт.

6-глава. Статустун токтотулуп турушун, калыбына келтирилишин жана токтотулушун чагылдыруу

39. Юридикалык өкүлдүн статусунун токтотулуп турушу жөнүндө маалыматтар Реестрге Мыйзамдын 22[1]-статьясына ылайык кабыл алынган Адвокаттар кеңешинин чечиминин негизинде киргизилет.

40. Статустун токтотулуп турушу тууралуу жазууда чечимдин күнү жана реквизиттери, негизи, башталган күнү жана токтотулуп туруу мөөнөтү камтылууга тийиш. Жазуунун статусу «токтотулуп турат» деп өзгөртүлөт.

41. Юридикалык өкүлдүн статусу үч, алты же он эки айга токтотулуп турушу мүмкүн. Токтотулуп туруу мөөнөтү бүткөндөн кийин, эгерде аны токтотуп туруу же токтотуу үчүн башка негиздер болбосо, статус «колдонууда» болуп өзгөртүлөт.

42. Юридикалык өкүлдүн статусунун токтотулгандыгы жөнүндө маалыматтар Мыйзамдын 22[1]-статьясында каралган учурларда Адвокаттар кеңешинин чечиминин негизинде Реестрге киргизилет.

43. Статус токтотулганда юридикалык өкүлдүн жазуусу «токтотулду» статусун алат жана Реестрдин архивдик бөлүгүнө которулат. Юридикалык өкүл тууралуу маалыматтар өчүрүлбөйт.

44. Реестрдин коомдук бөлүгүндө каттоо номери, каттоо күнү, фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо), статустун токтотулган күнү жана укуктук негизи сакталып калат.

45. Статустун токтотулуп турушу, калыбына келтирилиши же токтотулушу тууралуу маалыматтар Реестрге тиешелүү чечим кабыл алынган күндөн тартып бир жумуш күнүнөн кечиктирилбестен киргизилет жана үч жумуш күнүнөн кечиктирилбестен Юстиция министрлигине жөнөтүлөт.

46. Статусу токтотулган юридикалык өкүлдүн каттоо номери жокко чыгарылбайт жана кайра колдонулбайт.

7-глава. Реестрди жайгаштыруу жана маалыматтарды берүү

47. Реестрдин жалпыга жеткиликтүү бөлүгү Юстиция министрлигинин расмий сайтында жайгаштырылат жана техникалык иштерди жүргүзүү же бузулууларды оңдоо мезгилдерин кошпогондо, күнү-түнү акысыз таанышуу үчүн берилет.

Scanned with CamScanner

48. Реестр юридикалык өкүлдү фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо), каттоо номери жана учурдагы статусу боюнча издөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

49. Юстиция министрлиги Адвокатурадан алынган маалыматтарды, эгерде техникалык өз ара аракеттенүү автоматтык түрдө жаңыртууну камсыз кылбаса, алар алынган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде жайгаштырат жана жаңыртып турат.

50. Адвокатура жана Юстиция министрлиги Реестрде камтылган жана расмий сайттарда көрсөтүлгөн маалыматтардын бирдейлигин камсыз кылышат. Аныкталган айырмачылыктар алар табылган күндөн тартып бир жумуш күнүнөн кечиктирилбестен жоюлат.

51. Реестрдин жалпыга жеткиликтүү бөлүгүнөн көчүрмө ар бир кызыкдар жакка электрондук формада акысыз берилет. Юридикалык өкүлгө анын арызы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен кирүүгө чектөө коюлган маалыматтарды кошпогондо, ага карата Реестрге киргизилген бардык маалыматтарды камтыган көчүрмө берилет.

52. Жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтар мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана башка жактарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте гана берилет.

8-глава. Маалыматты коргоо жана техникалык жактан камсыз кылуу

53. Реестрдин маалыматтарын киргизүүгө жана өзгөртүүгө жетүү берилген ыйгарым укуктардын чегинде Адвокатуранын жана Юстиция министрлигинин ыйгарым укуктуу кызматкерлерине берилет.

54. Реестрдин электрондук системасы колдонуучуларды идентификациялоону, кирүү укуктарын бөлүү стилин, колдонуучулардын аракеттерин каттоодон өткөрүүнү, камдык көчүрмөнү сактоону, маалыматты калыбына келтирүүнү жана маалыматтарды уруксатсыз кирүүдөн, өзгөртүүдөн, бөгөттөөдөн, көчүрүүдөн жана жок кылуудан коргоону камсыз кылууга тийиш.

55. Электрондук система убактылуу жеткиликсиз болгон учурда маалыматтар убактылуу каттоо журналында эске алынат. Системанын иштөө жөндөмдүүлүгү калыбына келтирилгенден кийин тиешелүү чечим кабыл алынган же юридикалык маниге ээ жагдай башталган фактикалык күн сакталуу менен маалыматтар Реестрге токтоосуз киргизилет.

56. Реестрдин жалпыга жеткиликтүү бөлүгүнүн жеткиликтүүлүгүнө таасир этүүчү пландаштырылган техникалык иштер жөнүндө Адвокатуранын жана Юстиция министрлигинин расмий сайттарында алдын ала билдирүү жайгаштырылат.

57. Архивдик маалыматтар жана Реестрдин өзгөртүүлөр таржымалы архив иши жана жеке маалыматтар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдө, бирок Реестрдин иштөө мөөнөтүнөн кем эмес сакталат.

Scanned with CamScanner

9-глава. Контролдук жана жоопкерчилик

58. Адвокатура берилген документтердин жана кабыл алынган чечимдердин негизинде Реестрдин маалыматтарын киргизүүнүн жана жаңыртуунун толуктугу, аныктыгы жана өз убагында аткарылышы, ошондой эле Юстиция министрлигине маалыматтарды өз убагында жөнөтүү үчүн жоопкерчилик тартат.

59. Юстиция министрлиги Реестрдин маалыматтарын өзүнүн расмий сайтында өз убагында жайгаштырууну жана жаңыртууну камсыз кылат жана ушул Тартиптин сакталышына контролдук жүргүзөт.

60. Талапкер жана юридикалык өкүл өздөрү тарабынан берилген документтердин жана маалыматтардын аныктыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

61. Реестрге жетүүгө укугу бар Адвокатуранын жана Юстиция министрлигинин кызматкерлери анда камтылган маалыматтарды мыйзамсыз ашкерелегендиги, өзгөрткөндүгү, өчүргөндүгү, бөгөттөгөндүгү же пайдалангандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

10-глава. Корутунду жана өтмө жоболор

62. Ушул Тартипке өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен макулдашуу боюнча Адвокаттар кеңешинин токтому менен бекитилет.

63. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен макулдашылгандан кийин Адвокаттар кеңеши тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

64. Реестр толук ишке киргизилгенге чейин жактар Мыйзамдын өтмө жоболоруна ылайык өз ыйгарым укуктарын тастыктаган ишенимкат болгон учурда сот процесстерине катышууга укуктуу.

65. Мыйзам күчүнө киргенге чейин юридикалык өкүлчүлүк кызматтарын көрсөткөн юридикалык жактар жана жеке ишкерлер Мыйзамда белгиленген мөөнөттө жана талаптарды сактоо менен Реестрге киргизүү жөнүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин Төрайымынын м.а. **А.А.Джаманкулова**

Scanned with CamScanner

Прошито, пронумеровано и скреплено
печатью 8 (восемь)листов
Должность и.о. председателя СА ИПО

Подпись

«27» августа 20 г.



Scanned with CamScanner